**ОшМУнун теология факультетинин окумуштуулар кеңешинин жыйынынын**

**№ 1- Токтому**

Төрагасы- З.К. Ажимаматов Ош шаары, 10.09.2021-ж.

Катчысы- А. Керимкулова

Катышкандар:

1. Абдуганиев А. - Окутуучу, илимий иштер боюнча декандын орун басары
2. Ажимаматов З.- Декан
3. Арипов Н.- Доцент
4. Жумабаев М.- Окутуучу, тарбия иштери боюнча декандын орун басары
5. Жусубалиев А.- Доцент, кесиптик бирликтин төрагасы
6. Калбердиев А.- Доцент
7. Козукулов Т.- Доцент, окуу иштери боюнча декандын орун басары
8. Масиралиев Ш.- Ага окутуучу, кафедра башчысы
9. Тажибаев С.- Окутуучу, окуу-усулдук кеңештин төрагасы
10. Тойчуев А.- Жаштар Кеңешинин төрагасы
11. Зууридинов Ө.- Окутуучу, практика боюнча жетекчи

Себептүү :

1. Кадыров М.- Ага окутуучу

**Күн тартиби:**

1. 2020-2021 - окуу жылынын жыйынтыктары жана жаңы жылдагы милдеттер жөнүндө окуу иштери боюнча декандын орун басары А. Жусубалиевдин баяндамасы.
2. Факультеттин 2021-2022-окуу жылындагы иш пландарын талкулоо жана бекитүү жөнүндө.
3. Ар түрдүү маселелер

**I маселе**

**Угулду:** Кеңештин төрагасы З. Ажимаматов күн тартибиндеги маселелер боюнча өзүнүн баяндамасын жасап ректораттагы чогулушта каралган маселелер боюнча кабар берди.Андан соң күн тартибинин биринчи маселесине өтүп А. Жусубалиевге сөз берди.

Scanned with CamScanner

2020-2021-окуу жылына окуу иштери боюнча декандын орун басары А. Жусубалиев өткөн окуу жылынын жыйынтыктары боюнча баяндама жасады:

Урматтуу агайлар, өзүңүздөр билгендей биринчи жарым жылдыкты онлайн түрүндө, ал эми экинчи жарым жылдыкты оффлайн түрүндө өттүк. Отчетту кыскача айтып кетсем:

**1. Факультетте окуу пландарынын, окуу жүктөмдөрүнүн аткарылышы**

Кафедрада 2020-2021-окуу жылында пландаштырылган саат жүктөмү план боюнча бакалавр программасында 5919,5 саат аткарылышы 5919,5 саат, колледж програмасында 3514 саат аткарылышы 3514 саат болуп эсептелет. Кафедранын профессордук-окутуучулук курамы тарабынан контракттын эсебинен толугу менен аткарылды.

**2. Студенттер тууралуу сандык көрсөткүчтөр**

а) Адистиктер жана академиялык деңгээлдер боюнча студенттердин саны бакалавр программасында 150 жана 8 тайпа түздү. Колледж боюнча 73 студент жана 5 тайпа түздү. Жалпы саны 223 студент жана 13 тайпа.

б) 1-курска кабыл алынган студенттердин ЖРТ балынын көрсөткүчү

2020-2021-окуу жылында факультетке 41 абитуриент, алардын ичинен эң төмөн балл – 106 жана эң жогору 168 бал алган абитуриенттер кабыл алынган.

в) Курстар боюнча студенттердин саны (контракт)

| № | **Багыттар (адистиктер)** | **Курстар** | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | Баары |
| 1 | Теология | ***42*** | ***34*** | ***34*** | ***40*** | - | - | ***150*** |
| 2 | Колледж(11 база) | ***19*** | ***9*** | | | | | ***28*** |
| 3 | Колледж(9база) | ***17*** | ***17*** | ***11*** | | | | ***45*** |
| Факультет боюнча: | | ***78*** | ***60*** | ***45*** | ***40*** | - | - | 223 |

Scanned with CamScanner

г) ички жана сырткы мобилдүүлүккө катышкандар

Сырткы мобилдүүлүк боюнча 2020-2021-окуу жылынын жазгы семестринде 3-курс Т(б)-1-18 тайпасынын студенти Абдумажит уулу Арсен "Ерасмус+" академиялык мобилдуулук программасы боюнча Туркия мамлекетинин Сивас шаарындагы «Сивас» университетинин теология факультетинде окуп келди.

д) студенттик илимий-изилдөө иштерин уюштуруунун мазмуну, сапаты, формалары, жыйынтыгы жана көзөмөлдөө:

2020-2022-окуу жылында теология факультетинин деканынын илимий иштер боюнча орун басары Асилбек Абдуганиевдин модераторлугунда:

1. Пратов Бактияр; «Заманчыл акындардын чыгармаларындагы адеп-ахлактык нормалардын тарыхый жана теологиялык анализи»;

2. Алиев Иляс; «Молдо Кылычтын чыгармаларындагы адептик, руханий баалуулуктарга теологиялык анализ»;

3. Максатбек кызы Гулназ; Куран мисалында личностту калыптандыруу маселеси»

4. Мамажанова Хуснида; «Адеп-ахлактын рационалдык жана диний негиздерине философиялык анализ»;

5. Исманов Ахрорбек; «Имам Матуридинин тавил түшүнүгү жана диний социалдык жашоонун негиздери» деген темада илимий баяндамаларын жасашты.

Баяндамалар бүткөн соң суроо-жооп жана кызуу талкуу болуп, жакшы каалоо тилектер айтылды. Конференциянын жыйынтыгында катышуучуларга атайын сертификаттар берилди.

2021- жылдын 28-30-апрель күндөрү теология факультетинде Рамазан айын карата балдар жана кыздар арасында Куран жана хадис конкурстары болуп өттү. Жеңүүчү 1-2-3 орундарга акчалай сыйлык жана сертификаттар берилди.

е) Группалардын түзүлүшү жана алар жөнүндө маалыматтар.

2020-2021-окуу жылында бакалавр программасында 1-2-3-4 курстарда 2ден 8 группа, ал эми колледж (11 база) 1-курста 1 группа, 2-курста 1 группа, колледж (9 база) 1-курста 1 группа жана 2-курста 1 группа 3-курста 1 группа түзүлгөн. Жалпысынан факультетте 13 группа окуду.

Scanned with CamScanner

**3. Студенттердин өздөштүрүүсүнө анализ (группалар, курстар, кафедралар, предметтер, окутуучулар боюнча).**

Бардык предметтер боюнча жалпы жетишүү орточо 98,16%ды түзөт, ал эми сапаттык жетишүү 69,83%ды түздү. Ал эми кээ бир предметтер боюнча жалпы жана сапаттык жетишүү жетишээрлик жогору. Мисалы:

Т-(б)-1-17 – теологиянын классикалык тили С. Тажибаев жана Али Зарзур – абсолюттук жетишүү – 100%, сапаттык жетишүү – 100%.

Т-(б)-2-17 – калам А. Калбердиев – абсолюттук жетишүү – 100%, сапаттык жетишүү – 100%.

Т-(б)-2-18 – хадис М. Кадыров – абсолюттук жетишүү 100%, сапаттык жетишүү – 100%.

Тс-1-19 – ыйык китептин тафсири Н. Арипов – абсолюттук жетишүү 100%, сапаттык жетишүү – 100%.

Тс9-1-18 – ыйык китептин тафсири Н. Арипов – абсолюттук жетишүү 100%, сапаттык жетишүү – 100%.

Жогорудагы предметтерден окуу-усулдук адабияттардын жетиштүүлүгү, тиешелүү окутуучулардын студенттер менен өз алдынча иштөөсүн туура уюштуруусунун натыйжасында жыйынтыгы жогору болгондугун белгилеп кетүүгө болот.

Ал эми кээ бир предметтер боюнча жетишүү башка предметтерге салыштырмалуу төмөнүрөөк. Мисалы,

Т-(б)-1-18 – ислам мазхабдар тарыхы З. Ажимаматов – абсолюттук жетишүү 100%, сапаттык жетишүү 47,7 %.

Т-(б)-2-18 – ислам мазхабдар тарыхы З. Ажимаматов – абсолюттук жетишүү 100%, сапаттык жетишүү 46,7 %.

Т-(б)-2-19 – диндер тарыхы Ө. Зууридинов – абсолюттук жетишүү 100%, сапаттык жетишүү 43,8 %.

Тс9-1-20 – араб тили М. Кадыров – абсолюттук жетишүү 100%, сапаттык жетишүү 41,2 %.

Тс-1-20 – Профессионалдык тил А. Абдуганиев – абсолюттук жетишүү 100%, сапаттык жетишүү 42,1 %.

Тс9-1-19 – Профессионалдык тил А. Абдуганиев – абсолюттук жетишүү 100%, сапаттык жетишүү 47,1 %.

Бул предмет боюнча жетишүүнүн төмөндүгүн объективдүү деп эсептейбиз. Анткени бул предметтер боюнча окуу материалын табуу жана өздөштүрүү башка предметтерге салыштырмалуу татаалыраак жана кыргызча адабияттар аз. Ошондой эле,

Scanned with CamScanner

2020-2021-окуу жылыныын биринчи жарым жылдыгындагы аралыктан окутуу маселеси да кедергисин тийгизди деп айтууга болот. Анткени айыл жана тоо жергелеринде интернеттен жакшы тартпашы жана окуу материалдарын телефондон окуу кыйын болгондуктан, аты аталган предметтер боюнча сапаттык көрсөткүч төмөн болуп калды деп эсептейбиз.

**4. Факультетте окуу процессин уюштурууда окутуунун кредиттик технологиясын колдонуунун абалы (№18, 19, 22, 26 бюллетендер). Аталган технологияларды жайылтуу максатында уюштурулган иш чаралар боюнча маалымат.**

Факультетте окутуунун кредиттик технологиясын колдонуу бир кыйла жакшы жолго коюлган. Анткени, Түркия мамлекетинин Анкара университети менен жакындан иш алып барылгандыгы үчүн окутуучулар үчүн бир кыйла жеңил болду деп айтсак болот.

Мындан сырткары кафедранын кеңешмесинде кредиттик технологияны колдонуу боюнча талкуулар болуп, студенттерге да түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү.

*а) Багыттар, профилдер боюнча элективдүү курстардын базасы түзүлгөн, кафедранын кеңешмесинде талкууланып бекитилген. Апрель-май айларында окуу бөлүмү тарабынан тандоо жараяны уюштурулган.*

*б) Жайкы семестрге калган студенттердин жетишүүсүнүн анализи. Жайкы семестрге калган араб тили, акыйда, Куран, салыштырмалуу диндер жана диндер аралык диалог жана христиан теологиясы предметтер (акыйда, араб тили, христиан теологиясы, диндер тарыхы) кайрадан окутулуп, сынак алынды.*

*в) Учурдагы, аралыктагы жана жыйынтыктоочу текшерүүлөрдү уюштуруу: Ар бир учурдагы, аралыктагы текшерүүлөр жазуу түрүндө, Куран, араб тили жана Куран тафсири предметтери оозеки алынып бааланды. Белгилей кетчү жагдай Республикабыздагы өзгөчө кырдаал жана өзгөчө абалга байланыштуу 2-семестрдеги модулдар zoom, whats upp, classroom платформалары аркылуу алынды. Ал эми жыйынтыктоочу текшерүүлөрдү уюштуруу үчүн тесттик тапшырмалардын банкын түзүлүп tf-файлын AVNге жайгаштырылып, компютер, араб тили, Куран жана Куран тафсири предметтери университетибиз тарабынан сунушталган вебинар платформасы аркылуу алынды.*

*г) Студенттердин өз алдынча иштери: Ар бир учурдагы, аралыктагы жана жыйынтыктоочу текшерүүлөргө өз алдынча иштөө үчүн берилген материалдар боюнча суроолор киргизилген. Өз алдынча иштөө үчүн берилген*

Scanned with CamScanner

*материалдарды өздөштүрүүнү эффективдештирүү үчүн окуу куралдар студенттерге сунушталган. 2020-2021-окуу жылынын 2-жарым жылдыгында студенттер СӨАИни жазуу, оозеки жана слайд даярдоо менен тапшырышты.*

**5. Факультетте окутулуп предметтер боюнча тесттик суроолордун түзүлүшүн абалы (№23 бюллетень). Учурдук, аралык жана жыйынтык текшерүүлөргө анализ. Компьютердик тестирлөө менен уюштурулган текшерүүлөр боюнча маалымат**

Факультеттин жалпы дисциплиналары боюнча тесттик суроолор түзүлүп AVNге жайгаштырылды жана билеттик суроолор түзүлүп оозеки түрүндө алынды. 2020-2021-окуу жылынын биринчи жана экинчи жарым жылынын (жайкы) сессиясы AVN программасынын негизинде алынды. Сессияны тест аркылуу алуунун жыйынтыгынын эффективдүүлүгү өтө жогору деп айтсак болот. Ал эми учур аралык (модулдар) сынактар жазуу жана оозеки түрдө алынды. Толук отчет тиркелет.

Сунуш-пикирлер жана суроолор болсо бериңиздер?

*З. Ажимаматов:* Кемчиликтер бар, өзгөчө студенттерибиз башка факультетке которулуп кеткендер көп. Кураторлор, студенттер менен тыгыз иштешибиз керек, түшүндүрүү иштерин жүргүзөйлү. Ыйман гимназиясы менен да тыгыз иштеш керек. Гимназиянын негизинен теология факультетке абитуриент болсун деп ачылган.

*Т. Козукулов:* Кемчиликтерди биринчи өзүбүздөн издешибиз керек, студенттер менен тыгыз иштешпей, түштөн кийн кетип калып жаткандар бар арабызда. Студенттерди кызыктырууну билишибиз керек.

*Н. Арипов:* Кошулам, предметтик сапатка өзүбүз жоопкерчилик үчтүндө каттуу иштеш керек. Ошондой эле предметтер аралык байланышты кайра башташыбыз керек.

*З. Ажимаматов:* Адеп, сый тараптан кемчилигибиз бар, жатаканага тарбиячы алышыбыз керек. Ошол үчүн жаны жумушка Ыйман гимназиясынан которулган Адылбек кызы Айсулуу Куран сабагынан берип ошондой эле кыздар менен алектенет. Биз жатаканага тез тез бара албайт экенбиз.

*Ш. Масиралиев:* Тарбиячыга билимине жооп бере турган адам алыш керек. Мүдүрдүн жардамчысындай эмес, араб тилин билген илими бар адам керек.

*А. Калбердиев:* Мен эскертүү катары айтып кетсем, AVN 8083кө 95% силлабус жана ОМКлар кирген, бирок кагаз катары толук эмес, папкаларды толуктап койсоңуздар.

*З. Ажимаматов:* Ал эми факультеттеги жаңы милдеттер боюнча, баарыңыздар билгендей эле окуу иштери боюнча декандын орун басары А.Жусубалиев жана кафедра башчысы А. Калбердиев кызматтарынан баш тартканына байланыштуу 2021-2022-окуу жылына окуу иштери боюнча декандын орун басары Козукулов Тимур, ал эми кафедра башчылык кызматынын милдетин аткаруучу Масиралиев Шумкар болуп дайындалды.

Scanned with CamScanner

Шумкар агайга буйрук чыкты, 3 ай мөөнөтү менен, 3 айдан соң шайлоо өткөрүлөт. Баарыңыздар билгендей эле аккредитациядан өттүү мезгил келип жатат ошондуктан бакалавр программа боюнча Козукулов Тимур жооптуу, колледж боюнча Масиралиев Шумкар жооптуу болот. НББП түзүү үчүн жумушчу топ түзүлгөн, бирок Кадыров Медер илимий-иштер боюнча проект менен Түркияга кеткендигине байланыштуу Кадыровдун ордуна Масиралиев болот. Жумушчу топтун курамы өзгөртөбүз.

**II маселе**

**Угулду:** 2-маселе б-ча: Факультеттин 2021-2022-окуу жылындагы иш пландарын талкулоо жана бекитүү жөнүндө окуу-усулдук кеңештин төрагасы С. Тажибаев бир жылдык иш планы менен тааныштырды. Тарбия иштери боюнча декандын орун басары М. Жумабаев жана илимий иштер боюнча декандын орун басары А. Абдуганиев бир жылдык болжолдуу иш пландары менен тааныштырып өтүштү, себеби ректораттын иш пландын негизинде алып баруу керектигин, бирок ректорат тарабынан иш план даяр боло электигин айтып кетишти. Ошондой эле жаңы дайындалган окуу иштери боюнча декандын орун басары Т. Козукулов жана кафедра башчынын м.а. Ш. Масиралиев бир жылдык уюштуруу жана окуу иштеринн иш планы жана кафедранын кеңешмесинин жана кафедранын иш пландары менен тааныштырып өтүштү. Андан кийин эле факультеттин окумуштуулар кеңешинин бир жылдык иш планы менен таанышып чыгышты. Иш пландарда берилген ар бир берене боюнча талкуу жүрүп, натыйжада көпчүлүктүн добушу менен факультеттин бир жылдык иш планы айрым түзөтүүлөрдү киргизүү менен менен жактырылды.

**III маселе ар түрдүү маселелер б-ча:**

*З. Ажимаматов:* Вакцина маселеси катту айтылып жатат. Сөзсүз алыш керек. Кээ бир факультеттерде көрсөткүч төмөн. Максат агай биздин факультеттин абалы кандай?

*М. Жумабаев:* Вакцина алган студенттердин санын эсептеп пайыз көрсөткүчүн чыгарып жатабыз.

*З. Ажимаматов:* Вакцина алган студенттердин пайызын жана вакцина албаган студенттердин пайызын көрсөтүш керек.

2021-жылдын 1-октябрынан баштап айлык маяна кошулат. Ошондой эле окутуучу-профессордук курам тарабынан электрондук жеке баракчага маани берилбей жатат экен, ар бир окутуучу толук толтуруп рейтинги көтөрүлсө келечекте айлыкка 20% кошулат деп толтурууга чакырып жатышат. Биздин факультет баары эле толтурду деп ойлойм.

*Н. Арипов:* Толтурдук, бирок бизде жок пункттар бар экен.

Scanned with CamScanner

*З. Ажимаматов:* Дагы жаңылыктардын бири, университетте электорондук архив иштей баштайт экен быйылкы окуу жылда. Бул жакшы жаңылык деп ойлойм. Адаптациялык иштер жүрүп жатабы Максат агай?

*М. Жумабаев:* План боюнча эртен башталат.

*З. Ажимаматов:* Убагында бүтүрүшүбүз керек.

**Жогорудагыларды угуп жана талкуулап, факультеттин окумуштуулар кеңеши**

**токтом кылат:**

1. Өткөн окуу жылынын жыйынтыгы канааттандыраарлык деп табылсын. Жаңы окуу жылында 2020-2021-окуу жылындагы кемчиликтер эске алынсын.
2. Козукулов Тимур окуу иштери боюнча декандын орун басары милдетине бекитилсин.
3. 10.04.2021-ж. № 6 Административдик Кеңешинде каралган НББП даярдоо үчүн жумушчу топту түзүү боюнча өзгөртүү кирсин жана төмөндөгүдөй бекитилсин:

   **050717** Теология багыты боюнча орто кесиптик билим берүү программасынын НКББПсын түзүү боюнча жумушчу топ:

   Төрага: Масиралиев Ш.

   Мүчөлөрү: Абдуганиев А.

   Койлубаева Г.

   **531600** Теология багыты боюнча бакалавр программасынын НББПсын түзүү боюнча жумушчу топ:

   Төрага: Козукулов Т.

   Мүчөлөрү: Тажибаев С.

   Казыбекова К.
4. Факультеттин 2021-2022- окуу жылындагы уюштуруу жана окуу иш планы, тарбиялык иштердин, илимий иштердин, окуу-усулдук иштердин жана кафедранын пландары бекитилсин. Болжолдуу мамлекеттик стандарттын негизинде окуу пландагы дисциплиналардын удаалаштыгы сакталсын, б.а. ар бир дисциплина үчүн аныкталган постреквезиттер, пререквизиттер эске алынсын.

**Кеңештин төрагасы** **З. Ажимаматов**

**Кеңештин катчысы** **А.Керимкулова**

Scanned with CamScanner

Бекитемин
Декан _______ З. Ажимаматов
__ ________ 2021-ж.

**Теология факультетинин Окумуштуулар Кеңешинин 2021-2022-окуу жылы үчүн иш ПЛАНЫ**

| № | Каралуучу маселелер | Жооптуулар | Эскертүү |
|---|---|---|---|

**Сентябрь,2021-ж.**

| | | | |
|---|---|---|---|
| 1 | Өткөн окуу жылынын жыйынтыктары жана жаңы жылдагы милдеттер | Кафедра башчы<br>Окуу иштери боюнча декандын орун басары | |
| 2 | Факультеттин 2021-2022- окуу жылындагы иш пландарын талкулоо жана бекитүү | Кафедра башчысы<br>Ажимаматов З. | |
| 3 | Ар түрдүү маселелер | | |

**Октябрь, 2021-ж.**

| | | | |
|---|---|---|---|
| 1 | Абитуриенттерди кабыл алуунун жана аларды Түркияга жөнөтүүнүн жыйынтыгы | Ажимаматов З. | |
| 2 | Студенттердин сабактарга катышуусун талкуулоо жана жыйынтык чыгаруу | Окуу иштери боюнча декандын орун басары | |
| 3 | Факультеттин окуу-усулдук иштеринин жүрүшү жөнүндө | Тажибаев С. | |
| 4 | Ар түрдүү маселелер | | |

**Декабрь, 2021-ж.**

| | | | |
|---|---|---|---|
| 1 | Факультетте окуу-тарбия иштеринин жүрүшү жөнүндө | кураторлор | |
| 2 | Факультеттин материалдык-техникалык базасын чыңдоо жөнүндө | Ажимаматов З.<br>Ю. Доган | |
| 3 | Факультеттеги коомдук уюмдар иш аракети жөнүндө | Жетекчилер(профком,аялдар кеңеши ж.б) | |
| 4 | Ар түрдүү маселелер | | |

**Февраль,2022 -ж.**

| | | | |
|---|---|---|---|
| 1 | Биринчи семестредин жыйынтыгы жана андан келип чыгуучу милдеттер жөнүндө | Кафедра башчы<br>Окуу иштери боюнча декандын орун басары | |
| 2 | Факультетте 2021-ж. Илимий изилдөө иштеринин жыйынтыгы | Абдуганиев А. | |
| 3 | Көз карандысыз аккредитацияга карата даярдык жөнүндө | Ажимаматов З.<br>Кафедра башчы | |
| 4 | Эл арасында профориентация ишин өткөрүүгө даярдыктар | Ажимаматов З. | |
| 5 | Ар түрдүү маселелер | | |

**Апрель,2022-ж.**

| | | | |
|---|---|---|---|
| 1 | Студенттердин өз алдынча иштери жөнүндө | Кураторло р | |
| 2 | 2022-2023-окуу жылына карата элективдүү курстарды тандоо | Ажимаматов З.<br>Кафедра башчы | |
| 3 | Ар түрдүү маселелер | | |

**Июнь,2022-ж.**

| | | | |
|---|---|---|---|
| 1 | Жайкы сессиянын жыйынтыгы жана андан келип чыккан милдеттер | Ажимаматов З.<br>Окуу иштери боюнча декандын орун басары | |
| 2 | МАКтын жыйынтыгы жөнүндө | Ажимаматов З. | |
| 3 | Ар түрдүү маселелер | | |

Scanned with CamScanner

Факультеттин Окумуштуулар Кеңешинин

«10» сентябрь 2021-ж. № 1 токтому

менен бекитилди.

Декан _______ З. Акимаматов

Теология факультетинин 2021-2022-окуу жылы үчүн түзүлгөн уюштуруу жана окуу-иштеринин

## ПЛАНЫ

| № | Аткарылуучу иш-чаралар | Мөөнөтү | Жооптуулар | Эскертүү |
|---|---|---|---|---|
| | **Август, сентябрь, 2021-ж.** | | | |
| 1. | Сабактардын жадыбалын түзүү | Окуу жылынын башында | Окуу бөлүмү | |
| 2. | Тайпалар үчүн семестрдик пландарды түзүү, бекитүү (Ар бир программа үчүн) | Айдын башында | Окуу бөлүмү | |
| 3. | Жайкы сессиядан карызы бар студенттер менен иш алып баруу | График боюнча | Окуу бөлүмү | |
| 4. | Студенттерди тикелөө, башка адистиктерге которуу, кошумча курстан курска көчүрүү буйруктарын даярдоо | Ректораттын графиги боюнча | Деканат<br>Окуу бөлүмү | |
| 5. | 3-НК отчетун тапшыруу | ОИДдин графиги б-ча | Окуу бөлүмү | |
| 6. | Окуу жылына факультеттин материалдык базасын даярдоо, окуу имаратын ремонттоо. Аудиториялар, кабинеттер, китепкана, техникалык каражаттар, ж.б. | Окуу жылынын башында | Деканат<br>Комендант | |
| 7. | 1-курстардын билим сапатын текшерүү, анализдөө | График б-ча | Деканат<br>Кафедра | |
| 8. | Эне тил күнүнө программа даярдоо | 23-сентябрь | Кафедра | |
| 9. | 2021-2022-окуу жылына факультеттин иш планын бекитүү | Ай ичинде | Деканат | |
| 10. | Көз карандысыз аккредитациялоого карата иш пландарды иштеп чыгуу | Ай ичинде | Деканат<br>Жумушчу топ | |
| 11. | Кафедранын иш пландарын талкуулоо, бекитүү | Ай ичинде | Кафедра | |
| | **Октябрь, 2021-ж.** | | | |
| 1. | Ар бир программа боюнча студенттердин маалымат базасын тактоо | Айдын аягына чейин | Окуу бөлүмү | |
| 2. | Мугалимдер күнүн белгилөө | 1-жума | Деканат<br>Профком | |
| 3. | Штаттык расписаниени тактоо | Айдын башында | Деканат | |
| 4. | Окуу программаларында (орто кесиптик билим берүү, бакалавриат жана магистратура программалары боюнча) күтүлүүчү натыйжалардын аныкталышына баа берүү | Ай ичинде | Деканат<br>Кафедра | |
| 5. | Китепкананы жаңы адабияттар | 1-жарымында | Китепкана | |

Scanned with CamScanner

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | менен толуктоо | | | |
| 6. | 1-курстарды кабыл алуу аземин өткөрүү. | Айдын аягына чейин | Деканат, Кафедра жана студенттер | |
| 7. | Өздүк баалоо жана көз карандысыз аккредитацияга карата семинар уюштуруу (магистратура, колледж) | Айдын аягында | Деканат Жумушчу топ | |
| 8. | ББнүн сапатына ички баа берүүгө карата студенттер, окутуучулар, бүтүрүүчүлөр жана жумуш берүүчүлөр үчүн анкеталарды даярдоо. | Айдын аягына чейин | Жумушчу топ | |
| | **Ноябрь, 2021-ж.** | | | |
| 1. | Предметтер боюнча бакалавр программасындагы 1-4-курстардын, орто кесиптик билим берүү программасындагы 2-курстардын 1-модулдарын өткөрүү | График боюнча | Окуу бөлүмү | |
| 2. | 1-модулду жыйынтыктоо | 2-жарымында | Деканат Окуу бөлүмү | |
| 3. | Багыттар боюнча ОПнын түзүлүшүн анализдөө | Ай ичинде | Деканат Кафедра | |
| 4. | Жылытуу системаларын жана имаратты кышка даярдоо | 1-жарымында | Деканат Комендант | |
| 5. | Студенттер күнүн белгилөө | 17-ноябрь | Жаштар комитети | |
| | **Декабрь, 2021-ж.** | | | |
| 1. | 2-модулдарды уюштуруу | 3-жарымында | Деканат Окуу бөлүмү | |
| 2. | Аккредитацияга байланыштуу 4-курстар менен (стейхолдер) окуу программасы жөнүндө жыйын жана талкуу уюштуруу | 1-жарымында | Деканат, кафедра, окуу бөлүмү | |
| 3. | Жатаканада жүргүзүлгөн тарбиялык иштерди анализдөө | Айдын аягында | Деканат Кураторлор | |
| 4. | СПИД жөнүндө лекция өткөрүү | Ай ичинде | Адистер жана студенттер | |
| | **Январь, 2022-ж.** | | | |
| 1. | Кышкы зачеттук-экзамендик сессияны уюштуруу | Окуу графиги боюнча | Окуу бөлүмү | |
| 2. | 1-ж.ж. жыйынтыгы боюнча отчет даярдоо | 1-жарымында | Деканат Окуу бөлүмү | |
| 3. | Экинчи жарым жылдык үчүн семестрдик пландарды түзүү | 1-жарымында | Окуу бөлүмү Кафедра | |
| 4. | Экинчи жарым жылдык үчүн сабактардын расписаниесин жана семестровкаларды түзүү | Айдын аягында | Окуу бөлүмү | |
| 5. | Практикалардын программаларынын сапатын анализдөө | Ай ичинде | Кафедра | |
| | **Февраль, 2022-ж.** | | | |
| 1. | Кышкы сессиянын жыйынтыгын чыгаруу | 1-жумада | Окуу бөлүмү | |
| 2. | 1-2-курстардын практикаларын уюштуруу | График боюнча | Практика башчысы Деканат | |
| 3. | Ички мобилдүүлүккө карата иш чара уюштуруу | Ички моб.графиги боюнча | Деканат | |

Scanned with CamScanner

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 4. | 23-февраль Ата Мекенди коргоо күнүнө карата концерттик программа даярдоо. | 20-23-февраль | Аялдар кеңеши, жаштар комитети | |
| | **Март, 2022-ж.** | | | |
| 1. | 1-модулдарды уюштуруу, жыйынтыгын чыгаруу | Окуу графиги боюнча | Окуу бөлүмү | |
| 2. | Предметтик олимпиадаларды уюштуруу | 1-жарымында | Кафедра | |
| 3. | 8-март майрамын белгилөө. Кыздар арасында конкурс уюштуруу | 07.03 | Жаштар комитети Аялдар Кеңеши Кураторлор | |
| 4. | 21-март - Нооруз майрамын белгилөө | 20.03 | Деканат | |
| 5. | Ички мобилдүүлүккө карата иш чара уюштуруу | Ички моб.графиги боюнча | Деканат | |
| 6. | Ишембиликтерди уюштуруу | Ар ишемби | Кураторлор Жаштар комитети | |
| 7. | Илим жумалыгына карата тийиштүү иш-чараларды иштеп чыгуу | Ай ичинде | Деканат | |
| | **Апрель, 2022-ж.** | | | |
| 1. | Жаңы окуу жылына жумушчу окуу пландарын түзүү (AVN аркылуу) | Ай ичинде | Окуу бөлүмү | |
| 2. | Жаңы окуу жылына окуу процессинин графигин түзүү | Ай ичинде | Окуу бөлүмү | |
| 3. | Тандоо курстарынын студентерге тандоо уюштуруу | Ай ичинде | Окуу бөлүмү | |
| 4. | Ички мобилдүүлүккө карата иш чара уюштуруу | Ички моб.графиги боюнча | Деканат | |
| 5. | Бүтүрүүчү курстардын 2-модулдарын жана жыйынтык текшерүүлөрүн уюштуруу | Окуу графиги боюнча | Окуу бөлүмү | |
| 6. | Факультеттер аралык олимпиадаларга даярдык | 1-жарымында | Деканат, Кафедра | |
| 7. | «Куттуу Жумалыкка» карата иш чараларды уюштуруу | Айдын аягында | Деканат Кафедра | |
| 8. | Студенттердин өз алдынча иштөөсүн талдоо, жыйынтык чыгаруу | Ай ичинде | Кафедра | |
| 9. | Өздүк баалоону өткөрүү, өздүк балоонун отчетторун экспертизациялоо (бакалавр, колледж) | 1-жарымында | Деканат Кафедра Жумушчу топ | |
| 10. | Студенттик илимий конференция уюштуруу | | Деканат | |
| | **Май, 2022-ж.** | | | |
| 1. | Бүтүрүүчү курстарга мамлекеттик сынактарга карата обзордук лекцияларды ж-а консультацияларды уюштуруу | График б-ча | Деканат Окуу бөлүмү | |
| 2. | Факультетте «Ачык эшик» күнүн өткөрүү | Айдын аягында | Деканат | |
| 3. | Илим жумалыгын өткөрүү | Айдын башында | Деканат | |
| | **Июнь, 2022-ж.** | | | |
| 1. | Бүтүрүүчүлөрдүн мамлекеттик сынактарын уюштуруу | Жадыбал боюнча | Деканат Окуу бөлүмү | |
| 2. | Бакалавр программасындагы 1-3-курстардын, орто кесиптик билим берүү программасындагы 2-курстардын 2-модулдарын жана | Окуу графиги боюнча | Окуу бөлүмү | |

Scanned with CamScanner

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | жайкы сессиясын уюштуруу | | | |
| 3. | 2-курстарды Кыргызстан тарыхы предмети боюнча мамлекеттик сынакка киргизүү | Жадыбал боюнча | ОИД<br>Деканат<br>Окуу бөлүмү | |
| 4. | Орто кесиптик билим берүү жана бакалавр программасында окуган студенттерди жайкы семестрге каттоо иштерин уюштуруу | Окуу графиги боюнча | Окуу бөлүмү<br>Деканат | |
| 5. | Жайкы семестрди уюштуруу | Окуу графиги боюнча | Деканат<br>Окуу бөлүмү | |
| | **Июль, 2022-ж.** | | | |
| 1. | Жайкы сессияны жыйынтыктоо, жылдык отчет түзүү, тапшыруу | 1-жарымында | Деканат<br>Окуу бөлүмү | |
| 2. | Факультеттин иш пландарын түзүү | 1-жарымында | Деканат | |
| 3. | Абитуриенттерди кабыл алуу боюнча даярдык | 1-жарымында | Деканат | |
| 4. | Окутуучуларды жана окуу көмөкчү персоналды эс алууга чыгаруу | 2-жарымында | Деканат | |
| 5. | Окуу корпуста ремонт иштерин жүргүзүү | | Комендант | |
| | **Дайыма жүргүзүлүүчү иш-чаралар** | | | |
| 1. | Окумуштуулар кеңеши | 1 айда 1 жолу | Деканат | |
| 2. | Өндүрүштүк чогулуш | Дүйшөмбү | Деканат | |
| 3. | Кураторлук саат | Жадыбал б-ча | Кураторлор | |
| 4. | Профсоюздук кеңеш | 2 айда 1 жолу | профком | |
| 5. | Студенттик чогулуш | 1 айда 1 жолу | деканат, ЖК | |
| 6. | Факультеттин илимий журналын чыгаруу | Жылда эки жолу | | |
| 7. | Маалымат каражаттары менен байланыш жана макала, интервьюларды, берүүлөрдү уюштуруу | Дайыма | Коллектив | |
| 8. | Жетишпеген студенттер менен иш алып баруу | Дайыма | Деканат<br>Кафедра<br>Окуу бөлүмү<br>ЖК | |
| 9. | Окуунун алдыңкылары менен иш алып баруу | Дайыма | Деканат | |
| 10. | Жатаканадагы студенттер менен иштөө | Дайыма | Деканат | |
| 11. | Белгилүү адамдар менен жолугушууларды уюштуруу | Айына 1 жолу | Деканат,<br>Кураторлор | |
| 12. | Туркиядан чакырылган окутуучулар менен иштөө | Дайыма | Деканат | |

Scanned with CamScanner